КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**"Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө"
Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына
өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

2016-жылдын 2-ноябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Жарчысы, 2008-ж., № 6/2, 605-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $5^3$ жана $5^4$-беренелер менен толукталсын:

"$5^3$-берене. Судьялардын квалификациясын жогорулатуу

1. Судья квалификациясын жогорулатууга милдеттүү.

Судьялардын квалификациясын жогорулатуу бул мезгилге эмгек акысын сактоо менен, үч жылда бир жолудан кем эмес, окуу программаларына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Судьянын квалификациясын жогорулатуудан өтүүсүнүн тартиби жана мөөнөттөрү Жогорку соттун төрагасы жана Судьялар кеңеши тарабынан аныкталат.

3. Судьялардын квалификациясын жогорулатуу республикалык бюджеттин каражаттарынын, ошондой эле мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

$5^4$-берене. Жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу

1. Жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу Сот адилеттүүлүгүнүн жогорку мектеби тарабынан жүзөгө ашырылат. Судьянын кызмат ордуна талапкер болгон адамдар бир жылга чейинки мөөнөттөгү күндүзгү окуудан өтүүгө тийиш, аны аяктагандан кийин квалификациялык экзамен өткөрүлөт.

2. Жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди окутуудан өткөрүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү Жогорку соттун төрагасы жана Судьялар кеңеши тарабынан аныкталат.";

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений
в конституционный Закон Кыргызской Республики
«О статусе судей Кыргызской Республики»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

2 ноября 2016 года

**Статья 1**

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О статусе судей Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №6/2, ст. 605) следующие изменения:

1) Закон дополнить статьями $5^3$ и $5^4$ следующего содержания:

«Статья $5^3$. Повышение квалификации судей

1. Судья обязан повышать квалификацию.

Повышение квалификации судей осуществляется в соответствии с учебными программами не реже одного раза в три года с сохранением на этот период заработной платы.

2. Порядок и сроки прохождения судьей повышения квалификации определяются председателем Верховного суда и Советом судей.

3. Повышение квалификации судей осуществляется за счет средств республиканского бюджета, а также иных источников, не запрещенных законодательством.

Статья $5^4$. Обучение претендентов на должности судей местных судов

1. Обучение претендентов на должности судей местных судов осуществляется Высшей школой правосудия. Лица, претендующие на должность судьи, должны пройти очное обучение сроком до одного года, по окончании которого проводится квалификационный экзамен.

2. Порядок и сроки прохождения обучения претендентов на должности судей местных судов определяются председателем Верховного суда и Советом судей.»;

2) 15-беренеде:

а) 1-бөлүгүнүн биринчи жана экинчи абзацтары “улуу эмес,” деген сөздөрдөн кийин “Юриспруденция” адистиги боюнча” деген сөздөр; “жана юридикалык” деген сөздөрдөн мурда “же тиешелүү багыт боюнча “бакалавр” академиялык даражасы бар болсо, “магистр” академиялык даражасын ыйгаруу менен “Юриспруденция” даярдык багыты боюнча жогорку билими” деген сөздөр менен толукталсын;

б) 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

“Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьясынын кызмат ордун ээлөөгө биринчи жолу талапкер болгон жана судьялык иш стажы жок адамдарга, ошондой эле судьялык иш стажы бар адамдарга, мында алардын конкурска катышууга берген арызы менен адамды судьянын кызмат ордунан бошотуунун же болбосо судьянын ыйгарым укуктарын токтотуунун ортосундагы тыныгуунун мөөнөтү он жылдан ашса, төмөнкүдөй кошумча талап белгиленет – талапкерлерди окутуунун натыйжалары боюнча берилүүчү сертификаттын болушу.”;

в) 9-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

“$3^1$) кылмыш жасоого шектелгендер же айыпталгандар же болбосо аларга карата реабилитациялабоочу негиздер боюнча жазык куугунтуктоосу токтотулгандар;”;

3) 17-беренеде:

а) 1-бөлүгү “улуу эмес,” деген сөздөрдөн кийин “Юриспруденция” адистиги боюнча” деген сөздөр; “жана юридикалык” деген сөздөрдөн мурда “же тиешелүү багыт боюнча “бакалавр” академиялык даражасы бар болсо, “магистр” академиялык даражасын ыйгаруу менен “Юриспруденция” даярдык багыты боюнча жогорку билими” деген сөздөр менен толукталсын;

б) 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

“$3^1$) кылмыш жасоого шектелгендер же айыпталгандар же болбосо аларга карата реаблитациялабоочу негиздер боюнча жазык куугунтуктоосу токтотулгандар;”;

4) 19-берененин 1-бөлүгүнүн 2-пункту “жогорку юридикалык билими” деген сөздөрдөн мурда “Юриспруденция” адистиги боюнча” деген сөздөр; “жөнүндө дипломунун” деген сөздөрдөн мурда “же тиешелүү багыт боюнча “бакалавр” академиялык даражасы бар болсо, “магистр” академиялык даражасын ыйгаруу менен “Юриспруденция” даярдык багыты боюнча жогорку билими” деген сөздөр менен толукталсын;

5) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-берене менен толукталсын:

“$21^1$-берене. Конкурстук тандоо

1. Конкурстук тандоо – бул юридикалык билимдин жогорку деңгээлине ээ, Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын жана жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат орундарына сунуштоо үчүн инсандык, квалификация жана жүрүм-турум талаптарына жооп берген адамдарды табуу максатында көз карандысыз коллегиялуу орган – Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылуучу процесс.

Конкурстук тандоо маанилүү кесиптик жана эрктүүлүк сапаттарды аныктоо үчүн аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү жолу менен жүзөгө ашырылат.



2) в статье 15:

а) абзацы первый и второй части 1 после слов «юридическое образование» дополнить словами «по специальности «Юриспруденция» или высшее образование по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению»;

б) часть 3 дополнить абзацем третьим следующего содержания:

«К лицам, впервые претендующим на замещение должности судьи Верховного суда, Конституционной палаты Верховного суда и не имеющим стаж судейской работы, а также к лицам, имеющим судейский стаж работы, у которых при этом срок перерыва между подачей заявления на участие в конкурсе и освобождением лица от должности судьи либо прекращением полномочий судьи превышает десять лет, устанавливается следующее дополнительное требование - наличие сертификата, выдаваемого по результатам обучения претендентов.»;

в) часть 9 дополнить пунктом $3^1$ следующего содержания:

«$3^1$) подозреваемые или обвиняемые в совершении преступления либо в отношении которых уголовное преследование прекращено по не реабилитирующим основаниям;»;

3) в статье 17:

а) часть 1 после слов «юридическое образование» дополнить словами «по специальности «Юриспруденция» или высшее образование по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению»;

б) часть 3 дополнить пунктом $3^1$ следующего содержания:

«$3^1$) подозреваемые или обвиняемые в совершении преступления либо в отношении которого уголовное преследование прекращено по не реабилитирующим основаниям;»;

4) пункт 2 части 1 статьи 19 после слов «юридическом образовании» дополнить словами «по специальности «Юриспруденция» или высшее образование по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению»;

5) Закон дополнить статьей $21^1$ следующего содержания:

«Статья $21^1$. Конкурсный отбор

1. Конкурсный отбор - это процесс, который осуществляется независимым коллегиальным органом - Советом по отбору судей с целью выявления лиц, имеющих высокий уровень юридических знаний, отвечающих требованиям к личности обладателя, квалификации и поведению для представления их на должности судей Верховного суда, Конституционной палаты Верховного суда и местных судов.

Конкурсный отбор осуществляется путем проведения собеседования для определения важных профессиональных и волевых качеств.

Ангемелешүүгө төмөнкүлөр киргизилет:

1) ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктап калган, иштеп жаткан судьялар;

2) судьялык иш стажы бар адамдар, мында алардын конкурска катышууга берген арызы менен адамды судьянын кызмат ордунан бошотуунун же болбосо судьянын ыйгарым укуктарын токтотуунун ортосундагы тыныгуу мөөнөтү он жылдан ашпагандар;

3) экзамен тапшыруунун натыйжалары боюнча сертификат алган адамдар.

2. Ангемелешүүгө киргизүүдө Судьяларды тандоо боюнча кеңеш төмөнкүлөрдү иликтейт:

1) талапкерлердин документтерин жана алардын мыйзамдын талаптарына ылайыктуулугун;

2) декларациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык маалымат берүүчү талапкердин, анын жубайынын, жакын туугандарынын кирешелери жана чыгымдары жөнүндө декларацияларын;

3) талапкердин жүрүм-турумунун кынтыксыздыгын тастыктоочу башка маалыматты (талапкерге пикирлерди, сунуштамаларды).

Судьяларды тандоо боюнча кеңеш судьянын бош кызмат ордун ээлөөгө талапкерге карата декларациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык маалымат берүүчү талапкердин, анын жубайынын, жакын туугандарынын кирешелери жана чыгымдары жөнүндө декларацияларын суратып алууга милдеттүү.

Документтерди иликтөөнүн натыйжалары боюнча Судьяларды тандоо боюнча кеңеш талапкерди конкурстук тандоого киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат. Талапкерди киргизүү жөнүндө чечим ачык добуш берүү менен Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тарабынан Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынат.

3. Ангемелешүү Судьялар кеңеши аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

Ангемелешүүнүн суроолору Судьялар кеңеши тарабынан жыл сайын бекитилет жана Судьяларды тандоо боюнча кеңештин расмий сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

4. Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тарабынан сунушталган талапкерлердин тизмеси Президентке сунуштоо же дайындоо үчүн конкурстук тандоодон өтүүдө алган баллдарына ылайык кемүү иретинде түзүлөт.

Конкурстун жыйынтыктары боюнча баллдардын эң көп санын алган талапкерлер Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тарабынан бош орундарга барабар санда сунуштоо же дайындоо үчүн Президентке сунуштамаланат.

Конкурстук тандоодон өткөн, бирок Президентке сунуштамаланбаган талапкерлер талапкерлердин тизмесинде калтырылат.

Тиешелүү тизмеден талапкерлерди сунуштамалоо алган баллдарынын санына жараша, кезектүүлүк тартибинде ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Талапкерлер аларды Судьяларды тандоо боюнча кеңеш Президентке сунуштамаланганына жараша талапкерлердин тизмесинен чыгарылат.

Талапкерлердин тизмеси мурда сунушталган бардык талапкерлер дайындалган же шайланган, судьялардын бардык бош кызмат орундары толтурулган же болбосо көрсөтүлгөн кызмат ордуна талапкерлердин түзүлгөн тизмеси толук пайдаланылган учурларда Судьяларды тандоо боюнча кеңеш тарабынан таратылат.



К собеседованию допускаются:

1) действующие судьи, срок полномочий которых истекает;

2) лица, имеющие судейский стаж работы, у которых при этом срок перерыва между подачей заявления на участие в конкурсе и освобождением лица от должности судьи либо прекращением полномочий судьи не превышает десяти лет;

3) лица, получившие сертификат по результатам сдачи экзамена.

2. При допуске к собеседованию Совет по отбору судей изучает:

1) документы кандидатов и соответствие их требованиям закона;

2) декларации о доходах и расходах кандидата, представляющего сведения в соответствии с законодательством о декларировании, его супруга (супруги), близких родственников;

3) иную информацию (отзывы на кандидата, рекомендации), подтверждающую безупречность поведения кандидата.

Совет по отбору судей обязан запросить в отношении кандидата, претендующего на замещение вакантной должности судьи, декларации о доходах и расходах кандидата, представляющего сведения в соответствии с законодательством о декларировании, его супруга (супруги), близких родственников.

По результатам изучения документов Совет по отбору судей принимает решение о допуске кандидата к конкурсному отбору. Решение о допуске кандидата принимается Советом по отбору судей открытым голосованием большинством от общего числа членов Совета.

3. Собеседование проводится в порядке, определяемом Советом судей.

Вопросы собеседования утверждаются Советом судей ежегодно и публикуются на официальном сайте Совета по отбору судей и в средствах массовой информации.

4. Список кандидатов, предлагаемый Советом по отбору судей Президенту для представления или назначения, формируется в порядке убывания согласно полученным баллам при прохождении конкурсного отбора.

Кандидаты, получившие наибольшее количество баллов по итогам конкурса, представляются Советом по отбору судей Президенту для представления или назначения в количестве, равном вакантным местам.

Кандидаты, прошедшие конкурсный отбор, но не представленные Президенту, остаются в списке кандидатов.

Представление кандидатов из соответствующего списка производится в порядке очередности, в зависимости от полученного кандидатом количества баллов, в порядке, установленном настоящим конституционным Законом. Кандидаты исключаются из списка кандидатов по мере их представления Советом по отбору судей Президенту.

Список кандидатов расформировывается Советом по отбору судей в случаях назначения или избрания всех ранее предложенных кандидатур, заполнения всех вакантных должностей судей либо полного использования сформированного списка кандидатов на указанную должность.

Все материалы конкурсного отбора приобщаются к личному делу кандидата. Личные дела кандидатов, участвовавших в конкурсе, не возвращаются и хранятся в уполномоченном государственном органе.».

Конкурстук тандоонун бардык материалдары талапкердин өздүк делосуна тиркелет. Конкурска катышкан талапкерлердин өздүк делолору кайтарылып берилбейт жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда сакталат.".

**2-берене**

1. Ушул конституциялык Мыйзам "Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 8-бөлүгүн ишке ашыруунун алкактарында судьялык корпусту түзүү аяктаган күндөн тартып күчүнө кирген ушул конституциялык Мыйзамдын 1-беренесинин 5-пунктун кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Ушул конституциялык Мыйзамдын судьялардын кызмат ордуна талапкерлер үчүн билимине карата талаптарды белгилөө бөлүгүндөгү ченемдери ушул конституциялык Мыйзам күчүнө кирген учурда "Юриспруденция" адистиги боюнча жогорку билими же "Юриспруденция" багыты боюнча "магистр" академиялык даражасы бар, бирок тиешелүү багыт боюнча "бакалавр" академиялык даражасы болбогон адамдарга жайылтылбайт.

3. Ушул конституциялык Мыйзамдын 1-беренесинин 5-пункту күчүнө кирген күндөн тартып "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 9-июлундагы № 141 конституциялык Мыйзамынын 21-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 6/2, 605-ст.) күчүн жоготту деп таанылсын; 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацында жана 18-беренесинин 4-бөлүгүнүн экинчи абзацында "21" деген цифра "$21^1$" деген цифрага алмаштырылсын.

Кыргыз Республикасынын
Президенти — А.Ш. Атамбаев

Бишкек ш.
2016-жылдын 8-декабры
№ 194



**Статья 2**

1. Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении 10 дней со дня официального опубликования, за исключением пункта 5 статьи 1 настоящего конституционного Закона, вступающего в силу со дня окончания формирования судейского корпуса в рамках реализации части 8 статьи 1 Закона Кыргызской Республики «О введении в действие Конституции Кыргызской Республики».

2. Нормы настоящего конституционного Закона в части установления требования к образованию для претендентов на должности судей не распространяются на лиц, имеющих высшее образование по специальности «Юриспруденция» или академическую степень «магистр» по направлению «Юриспруденция», но при этом не имеющих академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению на момент вступления настоящего конституционного Закона в силу.

3. Со дня вступления в силу пункта 5 статьи 1 настоящего конституционного Закона в конституционном Законе Кыргызской Республики «О статусе судей Кыргызской Республики» от 9 июля 2008 года № 141 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., № 6/2, ст. 605) статью 21 признать утратившей силу, в абзаце втором части 3 статьи 15 и абзаце втором части 4 статьи 18 цифры «21» заменить цифрами «$21^1$».

Президент
Кыргызской Республики — А.Ш. Атамбаев

г. Бишкек
8 декабря 2016 года
№ 194